***Малтабаров Б.А.,***
*БГУ,*
*Кыргызстан социологиялык ассоциациясынын (SAK)*
*биринчи Вице президенти*

# ЗАМАНБАП КЫРГЫЗСТАНДА АЖЫЛЫК САПАР: ЭКСПЕРТТЕРДИН КӨЗ КАРАШЫ

Кусеин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социологтору автор жана Саламат Дюшембиев жана Махмуд-Барскоон Кашкари атындагы Чыгыш университетин изилөө тобу, профессор Асан Ормушевдин жетекчилиги астында 2013-жылдын 3-майында Кыргызстандагы Ажылык сапар боюнча маалыматтарды топто үчүн эксперттик сурамжылоо өткөрүлгөн. Биз бул макалада ошол убакта өткөрүлгөн эксперттик сурамжылоонун жыйынтыгы менен таанышып көрсөк.

Эксперттик сурамжылоо иштери биринчи этапта түштүктөн жана экинчи этапта түндүктө жүргүзүлдү. Анда биринчи этапта Баткен, Ош жана Жалад-Абад аймактары боюнча эксперттер суралды. Жалал-Абад аймагын проф. Асан Ормушев, Баткен жана Ош аймагын боюнча доц. Саламат Дуйшембиев жана бул макаланын автору эксперттик сурамжылоону өткөрүштү.

2-этапта Нарын, Ысык-Көл, Талас жана Чүй аймактары проф. А. Ормушевдин жетекчили астында жана башка изилдөөчүлөрдүн жааматты менен өткөрүлдү. Сурамжылоодо 57 айылдын, 21 райондун, 11 шаарлардын 7 областын жана Бишкек шаарында өкүлдөрү, 159 кыргыздар, 24 өзбек жана 17 башка улуттардын өкүлдөрү эксперттер изилдөө камтылган. Изилдөөнүн жыйындысы боюнча 200 эксперт суралды. Эксперттик сурамжылоодо жынысы боюнча 82,5% эркектер жана 17,5% аялдар суралды. Жаш курагы боюнча 16-29 жашка чейинки 9,0% калктын жаштары эксперт катарында сурамжыланды. Ал эми 30 жаштан 39 жаш курагында 21,5%, 40-49 жаш курагын сурамжылоого 14,5 % эксперттер катышты. Ар бир 4-чү (24,5%) эксперттер 50-59 жаш курагын, ар бир 5-чи 60-69 жашты жана ар бир 10-чу суралгандар 70 жаштан жогорку курактарды түздү. Эксперттик сурамжылоодо 20 багыттан ашык кесиби боюнча эксперттер камтылган.

Биз эксперттерге төмөнкү суроону бердик: “Сиз жашаган айылдан мурда же кийин ажылыкка зыяратка барган адамдардан кимдерин билесиз?”. Бул суроого эксперттер 1-ден жана андан көп барган жана билген адамдардын атын жана фамилиясын белгилешкен. Сиз жашаган айылдан мурда же азыр ажылыкка зыяратка адамдар “Канчанчы жылдары” барышкан деген суроону эксперттерге бердик. Бул суроого эксперттердин жообу 1800-жылдардан баштап 2012-жылга чейин ажылыкка баргандардын жылдарын белгилешкен. Биз бул көрсөтүлгөн убакыттарды 1800-жылдан баштап 1900-жылга чейин, кийинкисин советиттик империясынын доору деп, 1900-жылдан баштап 1917-жылга чейин, анан кийин 1917-жылдан баштап азаттык мезгилге чейин деп белгиледик. Кийин мезгилди Кыргызстандан азаттык чыккандан баштап, 1991-жылдан азыркы мезгилге чейинки мезгил деп көрсөттүк.

Биринчи мезгилде 1800–1897-жылдарда 3 киши (1800, 1875 жана 1890-жылдары) ажылыкка барышкан.

Экинчи мезгилде 1900–1917-жылдарында тагыраак айтканда, 1908, 1910, 1915-жылдарында бирден киши ажылыкка барышкан деп, эксперттер жооп беришкен. Жалпылап айтканда, бул мезгилде баардыгы болуп бирчи мезгилдей эле 3 киши ажылыкка сапарга чыгышкан.

Үчүнчү мезгилди советтик империясынын доорунда, 1917-жылдан баштап 1991-жылга чейин 8 киши ажылыкка барышкан. Бул мезгилде 1971-жылы 1 киши, 1950-жылы 2 киши, 1952, 1960 жана 1978-жылдары бирден кишилер жана 1990-жылы 4 киши ажылыкка барышкан. Эксперттерге сиз жашаган айылдардан жана шаарлардын ажылыкка зыяратка адамдар “Кайсы маршрут аркылуу” барышкан деген суроого, төмөнкү жоопторду алдык.

- Биринчи маршрут боюнча Кыргызстандан Туркия аркылуу Сауд Арабиясына деп 17 эксперт белгиледи.
- Экинчи маршрут Кыргызстанда түз эле Меккеге, Джиддага жана Медина шаарларына багытталган деп – 41 суралуучу жооп берди.
- Үчүнчү маршрут Кыргызстандан Сауд Арабияга коншу Өзбекстан аркылуу деп 3 эксперт белгиледи.
- Төртүнчү маршрут Кыргызстандан Таджикистан жана Ооганстан аркылуу ажылыкка барышкан деп 3 эксперт белгилеген.
- Бешинчи маршрут Кыргызстандан Түркмөнстандан жана Иран аркылуу Иорданияга жана Араб Эмиратына чейин барышкан деп 6 эксперт биздин суроого жооп беришти.
- Алтынчы маршрут Кыргызстандан Казахстан жана Өзбекистан аркылуу барган деп 1 эксперт
- Жетинчи маршрут Кара Деңиз менен деп 1 эксперт белгилешти.

Ажылыкка барган маршруттарды билип алгандан кийин, биз төмөнкү суроону узаттык: “Сиз Кайсы унаанын түрү менен ажылык сапарга жөнөдүңүз”. Бул суроого 32 эксперттер автобус, машиналар менен бардык жооп беришти. Учак менен 84, жана жөө, төө жана ат менен деп 14 эксперттер бул суроону белгилешти. Поезд менен 1, кеме менен 1 жана велосипед менен деп 2 эксперттер бул суроого жооп беришти.

Ажылыкка барган инсандар ким менен барганын билиш үчүн бул суроону бердик: “Сиз тааныган инсандар ажылыкка жалгыз же адамдардын тобу менен барганбы?” Эксперттер төмөнкүдөй жооп беришти. Жеке, жалгыз деп 10 эксперт, топ менен деп 102 эксперттер жана адамдар менен барышкан деп 5 суралуучу деп жооптор алынган.

Абдышүкүр Нарматов жана Модали ажылар, ар бири 3 жолудан, Абдурахман, Муратаалы Жуманов, Мухаммед, Нарын Нурмухаммед, Садридин жана Чойбек ажылар болсо 2 жолудан жана башкалары 1 жолу зыяратчылардын тобун башкарышкан. Дагы башка кошумча жоопко Бишкек казысы Максат, Курманбек, Махаматжан, Омурзак ажылар болсо бардыгы бир жолудан зыяратчылардын тобун башкарып алып барышкан. Биз эксперттердин айылдык, райондук, республикалык жана дүйнөлүк деңгээлде ажылыкты модернизациялоого кандай иш чараларды жүргүзүш керек деп кайрылдык.

Сиздин жакын туугандарыныз, досторунуз, кесиптештериниз, коншуларыныз ажылык зыяратка жөнөп бара жаткан учурда кандай жөрөлгө иштер жасалды деген суроого, ажылык зыяратка жөнөп бара жаткан учурда, мал союлду деп 27% эксперт жооп беришкен. Акча беришти деп, 17,5% эксперт жооп берсе, ал эми мал да союлду жана акча дагы беришти деп 6% эксперттер белгилешти. Калган эксперт башка деп жооп беришкен.

Суралган эксперттердин 85,5% Ажыга барган боло, ал эми калганы бара элекпиз деп жооп берген. Ажылык зыяратка баргандардын 55,5% эксперттер, бул өзүнүн жеке чечими экени деп белгилешкен. чечим кабыл алууда башкалар таасир берген деп 9,5% эксперт жооп берген. Атасынын таасири деп 8,0%, энесинин таасири деп 4,5% жана 2,5% эксперттер жубайымдын таасири болгон деп белгилешкен. Агасынын таасири жана эже-карындаштарымдын таасири деп 1% ар бирине жооп узаткан.

Ажылыкка зыярат жасоо ниетиниздин негизги себеби, бул ар бир мусулмандын ыйык парзы деп 87% эксперттер белгилешкен. Рухий изденүү деп 4,5% ээксперттер жооп беришкен. Туризм жана бизнес кызыкчылыгы деп 0,5% жана 5,5% эксперттер башкала себебтер деп жооп беришкен.

Ажылык зыяратка зарыл болгон каржы маселесин 44,5% эксперттер өзүм өмүр бою топтодум деп, каржылыгандар болду деп 19,5% жана 10% эксперттер туугандарым жардам беришти деп жооп беришкен. Ал эми 13,5% эксперттер балдарым жана башкалар деп жооп узатышкан.

Ажылык зыяратка даярданып жатканда 11% эксперттер виза ачууда, 9% уюштуруу иштеринде, 2,5% эмдөө жаатында жана 32% эксперттер башка кыйынчылыктарга дуушар болдук деп, бул суроого жооп беришкен.

Ажылык зыяратка жөнөп жатканда мал сойдук, элден бата алдык деп 12,5%, туугандарым, досторум узатышты деп 13,5%, эхсан өткөрүү деп 4% жана 4% эксперттер чайга чакырып узатуу болду деп жооп беришкен. Кошуналарым чогулуп дуа кылышты жана шарият боюнча өткөрдүк деп 3,5% эксперттерден жооп берилген.

Сауд Аравиясы тарабынан ажылык зыярат жасоо 41% эксперттер мейманкана жана тамак аш жактан ыңгайлуу шарттар түзүлгөн жана бош убакыт кызыктуу жана үнөмдүү пайдаланылган деп 6 эксперт жооп беришкен. Башка ыңгайлуу шарттар түзүлгөн деп ар бир бешинчи эксперт (22%) жооп беришкен.

Ажылыкка зыяратка бараардын алдында 42,5% эксперттердин толкундоо, сүйүнүү, кубануу, жакшы сезимдер пайда болду деп жооп беришти. Барардын алдында парзды аткаруу сезими деп 7% жана ыйлыдым, көзгө жаш алдым деп 4,5% эксперттер жооп узатышты. Аллага ого бетер сыйынуу сезими пайда болгон деп 2%, барганча шаштык, тезирээк жетсек деп 2% жана жоопкерчилик сезими деп 2% эксперттер бул суроого жалпы жооп беришти. Ыйык Меккеге жеткенде 18% эксперттер ыйладык, толкундандык, күнөөлөрдү кечиргиле дедик деп белгилешти, 9,5% эксперттер ажылыгым кабыл болсо экен деп куткөнбүз жана Мен ойлогон жана ойлобогон сонун нерселер болду деп 6,5% эксперттер жооп бершити. Каабаны, пайгамбарыбыздын мечитин көрдүм, ага ибадат кылдым деп 6,5% эксперттер, Ыйык парзды аткаруу 5,5%, Алланын үйүн көрүүнү күттүм, анын кудуретин күттүм деп 3% эксперттер бул суроого ушундай жооп беришти.

Ажылык зыяраттан кайтканыныздa жакшы маанайда, кубаныч менен тосуп алышты деп 22,5%, суйунуу, кубануу, менен тосушту деп 11,5%, килем салып тосуп алышты, пайгамбарыбыз баскан жерди басты деп 6,5%, аэропорттон туугандарым, досторум жакшы кутуп алышты, келип кой союлуп бата тилек айтылды деп 6,0% эксперттер жооп беришти. 5,5% эксперттер Ажылык зыяраттан кайтканында мал союп тозуп алышты деп, туугандарым, уй булом мени ыйык адам катары башкача жагымдуу көз караш менен тосуп алышты деп 4,5% эксперттер жообун белгилешти. Ал эми калган эксперттер Ажылык зыяраттан кайтканыныздa башка көп жакшы жышаан менен тосуп алышты деп бул суроого жооп беришити.

Биз эксперттердин айылдын, райондун, республиканын жана дүйнөлүк деңгээлде Ажылык сапарды модернизациялоого кандай иш чараларды жүргүзүш керек деп кайрылдык. Эксперттердин жоопторун талдап 5 таблицадан 2 ден жогору 25 жоопко чейин ранжировка жасап, контролдук төмөнкү таблица түзүлдү. Толук төмөнкүдөгү 1-чи таблицаны караңыз.

**1-чи таблица**

| № | Айылдын деңгээлинде | Райондун деңгээлинде | Облустун деңгээлинде | Республиканын деңгээлинде | Дүйнөнүн деңгээлинде |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **25 эксперт** Ажыга барам дегендерди алдын ала даярдоо, окутуу, үйрөтүү, адеп ахлагына көңүл буруу | **18 эксперт** Ажыга баруучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, окутуу керек | **12 эксперт** Казыяттар уюштуруу жагын жакшыртышы керек, самолёт учактардын маршрутун кыскартуу керек | **18 эксперт** Уюштуруу иштерин муфтият өзү алса, ажы башчылары динди жана тилди жакшы билишсе | **6 эксперт** Уюштуруучу топ дүйнөлүк деңгээлде болуусу каалайм, түшүндүрүү иштерин жакшы жүргүзүү |
| 2. | **20 эксперт** Түшүндүрүү иштерин, максатын түшүндүрүү керек | **4 эксперт** Квоталарды туура пайдаланышса, туура бөлүштүрүлсө, мурда баргандар кайра барбаса | **9 эксперт** Квотаны адилет бөлүштүрүү, көбөйтүү | **8 эксперт** Муфтият коррупцияланган, контролду күчөтүү керек | **5 эксперт** Мусулмандардын башкалардан артыкчылыгын далилдөө, башкаларга жеткирүү |
| 3. | **4 эксперт** Мечиттерде ажылык парздарды айтуу | **2 эксперт** Жума намаздарда маалыматтарды мечиттен элге жеткизип турса | **5 эксперт** ММК, ТВ, гезиттерге туура маалымат берип турса | **7 эксперт** Квоталар элдин санына карата бөлүнсө, көбөйтүлсө | **3 эксперт** Мекке, мадина, арафат, мина ж.б тазалыгына көңүл буруш керек |
| 4. | **4 эксперт** Квоталар райондорго областарга адилеттүү бөлүнүшү керек | | **3 эксперт** Ажы башчылары казылардын гана тааныштары кетип жатышат, тиешеси жок адамдарды ажы башчы тандап алса | **7 эксперт** СМИ аркылуу үгүт кылуу, үйрөтүү, социологиялык анализ берүү | **2 эксперт** Транспорт маселеси өз убагында болсо |
| 5. | **4 эксперт** Уюштуруу дэңгээлин көтөрүү | | **2 эксперт** Ажы башчыны топ өзү шайлаш керек | **4 эксперт** Ажылыкка бара тургандарды атайын курстарда окутуп даярдоо | |

Бул суроого эксперттер айылдын денгээлинде, ажыга барам дегендерди алдын ала даярдоо, окутуу, үйрөтүү, адеп ахлагына көнүл буруу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүш керек, максатын түшүндүрү керек, мечиттерде ажылык парздарды айтуу, квоталар райондорго областарга адилеттуу бөлүнүшү керек жана уюштуруу иштеридин дэңгээлин көтөрүш керек деп белгилешти.

Ажыга баруучуларга тушундуруу иштерин жүргүзүү, окутуу керек, квоталарды туура пайдаланышса, туура бөлүштүрүлсө, мурда баргандар кайра барбаса жана жума намаздарда маалыматтарды мечиттен элге жеткизип турса деп, эксперттер райондун деңгээлинде иш чараларды белгилешти. Облустун деңгээлинде казыяттар уюштуруу жагын жакшыртышы керек, самолёт учактардын маршрутун кыскартуу керек, квотаны адилет бөлүштүрүү, көбөйтүү, ММК, ТВ, гезиттерге туура маалымат берип турса, Ажы башчылары казылардын гана тааныштары кетип жатышат, тиешеси жок адамдарды ажы башчы тандап алса жана Ажы башчыны топ өзү шайлаш керек деген сунуштар айтышты.

Эксперттердин пикири боюнча республиканын деңгээлинде Уюштуруу иштерин муфтият өзү алса, ажы башчылары динди жана тилди жакшы билишсе, Муфтият коррупцияланган, контролду күчөтүү керек, Квоталар элдин санына карата бөлүнсө, көбөйтүлсө, ММК аркылуу үгүт кылуу, үйрөтүү, социологиялык анализ берүү жана Ажылыкка бара тургандарды атайын курстарда окутуп даярдоо маселелерин карашса деп белгилешти.

Акыры сунуш дүйнөнүн деңгээлинде кандай иш-чараларды жасаш керек десек, анда уюштуруучу топ дүйнөлүк деңгээлде болуусун каалайм, түшүндүрүү иштерин жакшы жүргүзүү, мусулмандардын башкалардан артыкчылыгын далилдөө, башкаларга жеткирүү, Мекке, Мадина, Арафат, Мина ж.б тазалыгына көңүл буруш керек жана транспорт маселесин өз убагында болсо деген сунуштарды эксперттер айтышты.

Жыйынтыктап айтканда, Ажылык сапарга айылдан, райондон, областтан бapарда ал жерлерде жашаган адамдардын санына карата квотаны адилеттүү бөлүштүрүү керектиги жана муфтият коррупцияланган маселерди чечүү жана көзөмөлдүү органдар контролду күчөтүш керек экенин бул сурамжыда айкын көрүнүп турат. Уюштуруу иштеридин дэнгээлин жогорулатуу маселелери, ал иш-чараларды ММК, ТВ, гезиттер, интернет аркылуу туура маалыматты калка берип кабарлап турса жана муфтияттын ишине жалпы коомчулук жардам көрсөтүп турса, бул эл үчүн дагы, Алланын алдында дагы биз өзүбүздү парзыбызды аткарганга жакшы болмок.

***Адабияттар***


1. www.http://arch.24.kg/community/153891-xadzh-2013-novye-skandaly.html
2. // Вечерний Бишкек. Асель Шабданова: Муфтият публикает список на хадж в 2012 г. – 24 сентября 2012 г.
3. www.http://comment.kg - 18.08.2011